УДК: 37.013.31

**Мамбетова Р.Р.**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттинин
улук окутуучусу, rozalimam@mail.ru
**Мамбетова Р.Р.**
Старший преподаватель
Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева
**Mambetova R.R.**
Senior lecturer at the Kyrgyz State University named after I. Arabaev

## ТЕКСТКЕ НЕГИЗДЕЛГЕН КЕП ӨСТҮРҮҮЧҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАР: КЫРГЫЗ ТИЛИН 5-КЛАССЫНДА ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРЫ (ОРУС ТИЛДҮҮ МЕКТЕПТЕРДИН МИСАЛЫНДА)

## ТЕХНОЛОГИИ РАЗВИТИЯ РЕЧИ НА ОСНОВЕ ТЕКСТА: ИННОВАЦИОННЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В 5 КЛАССЕ (НА ПРИМЕРЕ РУССКОЯЗЫЧНЫХ ШКОЛ)

## TEXT-BASED SPEECH TECHNOLOGIES: INNOVATIVE METHODS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN 5TH GRADE (USING THE EXAMPLE OF RUSSIAN-SPEAKING SCHOOLS)

**Аннотация**. Бул макалада текстке негизделген кеп өстүрүүчү технологиянын орус мектептеринин 5-класстарында кыргыз тилин окутууда колдонулушу каралат. Изилдөөнүн негизги максаты - окуучулардын тилдик компетенциясын, ой жүгүртүү жөндөмүн жана коммуникациялык көндүмдөрүн өнүктүрүү аркылуу сабактын сапатын жогорулатуу. Макалада текстти тандоо жана талдоо, окуучуларды ой бөлүшүүгө жана чыгармачылык иш-аракеттерге тартуу, ошондой эле жазуу жана оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү ыкмалары баяндалган. Тексттик материалдар менен иштөө - бул жөн гана окуу же кайра айтуунун ыкмасы эмес; бул окуучунун ой жүгүртүүсүн, сөз байлыгын, грамматикалык түзүлүштөрдү түшүнүү жана колдонуу жөндөмүн комплекстүү өстүрүүчү күчтүү педагогикалык курал. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары текстке негизделген ыкманы колдонуунун натыйжалуулугун көрсөткөн жана практикалык сунуштарды сунуштайт. Бул изилдөө кыргыз тилин окуутуунун инновациялык жолдорун колдонуу аркылуу окуучулардын билимин жана кызыгуусун арттырууга багытталган.

**Негизги сөздөр**. Текст, технология, кеп өстүрүү, кыргыз тили, орус мектептери, 5-класс, инновациялык практика, тилди окутуу, окуучулардын коммуникациялык көндүмдөрү.

**Аннотация.** В данной статье рассматривается применение текстовой речевой технологии при обучении кыргызскому языку в 5 классах русским языком обучения. Основная цель исследования – повысить качество уроков за счет развития языковых компетенций, навыков мышления и коммуникативных навыков учащихся. В статье описываются методы отбора и анализа текста, вовлечение учащихся в обмен идеями и творческую деятельность, а также развитие навыков письма и устной речи. Работа с текстовыми материалами-это не просто способ читать или пересказывать; это мощный педагогический инструмент, который всесторонне развивает мышление, словарный запас, способность понимать и использовать грамматические конструкции учащегося. Результаты педагогического эксперимента демонстрируют эффективность использования текстового метода и предлагают практические рекомендации. Данное исследование направлено на повышение уровня знаний и интереса учащихся посредством применения инновационных способов обучения кыргызскому языку.

**Ключевые слова**. Текст, технология, развитие речи, кыргызский язык, русские школы, 5 класс, инновационная практика, обучение языку, коммуникативные навыки учащихся.

**Annotation.** This article examines the use of text-based speech technology in teaching the Kyrgyz language in grades 5 of Russian schools. The main purpose of the study is to improve the quality of lessons through the development of language competencies, thinking skills and communication skills of students. The article describes the methods of text selection and analysis, involving students in the exchange of ideas and creative activities, as well as the development of writing and speaking skills. Working with text materials is not just a way to read or retell; It is a powerful pedagogical tool that comprehensively develops a student's thinking, vocabulary, and ability to understand and use grammatical constructions. The results of the pedagogical experiment demonstrate the effectiveness of using the text method and offer practical recommendations. This research is aimed at increasing the level of knowledge and interest of students through the use of innovative ways of teaching the Kyrgyz language.

**Keywords.** Text, technology, speech development, Kyrgyz language, Russian schools, 5th grade, Innovative practice, language teaching, students' communication skills.

**Киришүү.** Бүгүнкү күндө окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун негизги максаттарынын бири – окуучуларда коммуникативдик компетенцияны, айрыкча кеп түзүү жөндөмүн калыптандыруу. 5-класс – тилди экинчи тил катары үйрөнүүнүн активдүү стадиясы, анда окуучулар кыргызча угуп-түшүнүү, сүйлөө, текст менен иштөө сыяктуу базалык көндүмдөрдү системалуу өздөштүрө башташат. Бул процессте текстке негизделген технологиялар өзгөчө мааниге ээ, анткени ал тилди жашоого жакын коммуникативдик кырдаалда өздөштүрүүгө шарт түзөт.

«Бөтөн тилдүү окуучуларды окутууда көркөм тексттер ар кандай дидактикалык максаттарды көздөйт. Алар тилдик да, тилдик эмес да милдеттерди аткарууга кызмат кылат. Мындай учурда көркөм текстке таянуу окутуунун тилдик максатын ишке ашырууга түздөн-түз өбөлгө түзөт.» [1,19].

"Мультимедиялык презентацияларды, онлайн курстарды, вебинарларды жана билим берүү аянтчаларын колдонуу менен терең жана маңыздуу билим алууга, ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт." [2,95]

Макаланын максаты - орус мектептеринин 5-класстарында кыргыз тили сабагында текстке негизделген кеп өстүрүүчү инновациялык практикаларды баяндоо жана мугалимдер үчүн практикалык сунуштарды берүү. "Окуучулардын кебин байытууга багытталган эң маанилүү ишаракеттердин бири- текстке байланыштуу окутууда тексттердин негизинде баяндама жазуу тапшырмасы аткарылат. Мугалим тексттин мазмуну менен окуучуларды тааныштырат, окуучулар менен бирдикте тексттин мазмунундагы таяныч сөздөр менен иштейт, баяндаманын планын түзөт" [3,172]

Текст – реалдуу тил колдонуу үлгүсү. Окуучулар текст аркылуу кыргызча ой жүгүртүү моделин, сүйлөм түзүлүшүн, сөздөрдүн эмоционалдык-стилистикалык боёгун билишет. Тексттик иш берүүдө окуучулар жаңы лексиканы контекстте өздөштүрүп, аны өз сөзүндө колдонууга үйрөнөт. Окуучулар тексттин түзүлүшүн чечмелөө, негизги ойду табуу, логикалык байланыштарды аныктоо жана мазмунду кайра түзүү аркылуу аналитикалык жөндөмдөрүн бекемдешет. Текст менен иштөөдө жуптук диалогдор, топтук талкуу, драмалаштыруу жана долбоордук иш сыяктуу формалар колдонулат. "Окуу китептеринде сунуш кылынган тексттер дайыма эле мыкты деңгээлде эмес. Сунушталган тексттер алардын кызыгуусун арттырбаган маалыматтардан турат. Натыйжада ага болгон кызыгуу жоголот, текстти окууга ынтызарлык өчөт. Үйрөнүп жаткан тилге болгон кызыкчылык төмөндөйт да, текст тил үйрөнүүнүн башкы булагы болуудан калат. Текст менен иштөөдо туура жана жаны ыкмаларды тандоо маселенин чечилишине таасирин тийгизет..." [4,105]

5-класста тексттик технологиянын негизги этаптары

1-этап. Текстти тандоо

*Мугалим текстти төмөнкү критерийлер боюнча тандайт:*

-жаш өзгөчөлүгүнө ылайык болушу,

-лексикасы түшүнүктүү жана жеткиликтүү,

-кыргыз маданиятын, баалуулуктарын чагылдыруу,

-кыска, бирок мазмундуу болушу.

Мисалы: күнүмдүк жашоо, үй-бүлө, мектеп, достук, жаратылыш тууралуу 60–120 сөздөн турган тексттер.

2-этап. Текстти түшүнүүгө даярдоо

*Бул этапта төмөнкү ыкмалар колдонулат:*

-сүрөт боюнча алдын ала сүйлөшүү;

-тааныштыруу үчүн сөздөрдүн сунушталышы;

-болжолдоо суроолору: «Бул текст эмнеге байланыштуу болушу мүмкүн?»

Бул окуучуну текстке эмоционалдык жана когнитивдик жактан даярдайт.

Текстти түшүнүү жана талдоо

3-этап. Натыйжалуу тапшырмалар:

-негизги сөздөрдү бөлүп чыгуу,

-окуя болгон жер/күндү/каармандарды аныктоо,

-тексттин негизги оюн табуу,

-фактыларды жана автордук пикирди салыштыруу,

-тексттин логикалык структурасын түзүү (схема, таблица).

Инновациялык практикалар: сабактан алынган мисалдар

1. “Тексттик айланпа” «Мектептеги жаңы күн». *Сөздүн саны: 43. Тапшырма: класс 4 топко бөлүнөт. Ар бир топко ар башка кыска текст берилет. Топтор текстти окуп, анын негизги оюн жазып, кийинки топко өткөрөт. Сабактын аягында ар бир топ баардык тексттер боюнча сүйлөп бере алат.*

Мисалы: Бүгүн мектепте өзгөчө күн болду. Окуучулар жаңы китептерин алып келишти. Алар класста китептерди бөлүшүп, мугалимге жардам беришти. Сабакта жаңы сөздөрдү үйрөнүп, аларды катыштырып кыскача окуяларды айтып беришти. Андан кийин китепканага барып, жекече окуу тапшырмаларын аткарышты. Көпчүлүк окуучулар китепти көрүп кубанышты. Бүгүнкү күн баарына жагымдуу болду. Жыйынтык: лексика активдешет, сүйлөө темптери көтөрүлөт.

2. “Тексттен видеого”. “Досум менен сейилдөө”. *Сөздүн саны: 60. Тапшырма: Окуучулар тексттин негизинде мини-видео же слайд-презентация даярдашат.*

Бүгүн мен досум Айым менен сейилге чыктык. Биз айылдын жанындагы кичинекей көлгө бардык. Көлдүн жээгинде кооз гүлдөр, бак-дарактар өсөт, алар көгүлтүр көлгө көлөкө түшүрөт. Биз кумга жатып алып толкундарды көрдүк. Көлдө Айым экөөбүз кайыкка түштүп жана сүрөт тарттык. Кечинде үйгө кайтканда, бул сейилдөөнү эстен кетпес күн катары эстей турганыбызды билдик. *Натыйжа: текстти терең түшүнүү + чыгармачылык + тилдин активдүү колдонулушу.*

3. “Автор бол”. «Күндүн таңында тоого чыгуу». Тапшырма: Окуучуларга тексттин башы берилет, бирок аягын өздөрү ойлоп табышат: ар бир окуучу тексттин аягына 4–5 сүйлөм кошуп жазат:

Алар чокуга жетиштиби?

Кандай окуя болду?

Эстен кетпеген учур эмне болду?

Эртең менен Алин эски достору менен тоого чыгууга даярданып жатты. Алар кечээ кечинде жол картасын карап, керектүү буюмдарды даярдашты. Таң эрте алар автобуска түшүп, тоо жакка бет алышты. Жолдун боюнда алар кооз талааларды, катар-катар турган үйлөрдү жана кээ бир жаныбарларды көрүштү. Кетип бара жатып, Алин бир сырдуу жерди байкады, ал жерде…

*Мисалы аягын окуучуга шаблон катары берүү:*

… Алар чокуга жетип, кооз көрүнүштү көрүштү. Алин күндүн батканын карап суктанып сүрөт тартып жатты. Досторунун бири жапайы гүл таап аны таберик катары сактап койду. Алар үйгө кайтып бара жатып, бул күндү эч качан унутпайбыз деп макулдашты.

Жыйынтык: эркин кеп түзүү, чыгармачыл ой жүгүртүү, лексика менен иштөө.

**Мугалимдер үчүн практикалык сунуштар**

| № | Практикалык сунуштар | түшүндүрмө |
|---|---|---|
| 1 | Кыска, бирок мазмундуу тексттерди тандаңыз | 5-класста 40–100 сөз — эң оптималдуу көлөм. |
| 2 | Текстти сөзсүз контекстте бериңиз | Сүрөт, презентация, жандуу суроолор текстти түшүнүүнү жеңилдетет. |
| 3 | Лексикалык минимумду белгилеңиз | Текстке 6–10 жаңы сөздү киргизүү жетиштүү. |
| 4 | Трансформациялык тапшырмалар | Кеп өстүрүүнүн өзөгү болуп саналат. |

| № | Практикалык сунуштар | түшүндүрмө |
|---|---|---|
| 5 | Диалог менен монологду айкалыштырыңыз | Алгач диалог, андан кийин жекече монолог — эң натыйжалуу ыкма. |
| 6 | Текстти күнүмдүк жашоо менен байланыштырыңыз | Окуучуга маанилүү болгон темалар натыйжалуулукту жогорулатат. |
| 7 | Жалпы баалоону эмес, процессти колдоңуз | Окуучунун аракетин, өсүшүн, тырышчаактыгын баалаңыз. |

Текстке негизделген кеп өстүрүүчү технология – 5-классынын орус тилдүү окуучуларынын кыргызча сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу, жеткиликтүү жана мотивация жараткан жолдорунун бири. Тексттик материалдарды туура тандап, аларды инновациялык формалар менен интеграциялоо окуучунун тилге болгон кызыгуусун арттырып, кыргыз тилин коммуникациялык багытта өздөштүрүүсүнө шарт түзөт.

Окуучулар текст аркылуу тилди жашоого жакын кырдаалда колдонууга үйрөнүп, чыгармачылык, логикалык, лексикалык жана грамматикалык компетенциялары комплекстүү өнүгөт. Мугалим үчүн бул технология сабакты заманбап, мазмундуу жана жандуу өткөрүүгө реалдуу мүмкүнчүлүк берет.

Текстке негизделген кеп өстүрүүчү технологияларды колдонуу кыргыз тилин орус тилдүү мектептердин 5-классында окутуу процессин уюштурууда натыйжалуу жана заманбап ыкма болуп саналат. Бул технологиялар окуучулардын тилди практикалык колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтүп, алардын сөз байлыгын кеңейтүүгө, текстти түшүнүү жана кайра түзүү жөндөмдөрүн калыптандырууга чоң жардам берет.

Текст менен иштөө этаптарын (даярдоо, кабыл алуу, талдоо, кайра түзүү жана чыгармачыл иш) системалуу жүргүзүү окуучулардын кептик активдүүлүгүн жогорулатат жана сабакты логикалуу, түшүнүктүү уюштурууга мүмкүндүк түзөт. Ар түрдүү тапшырмалар – суроолор, диалогдор, реконструкция, мини-эсселер, чыгармачыл улантуулар – окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн жана өз оюн так сүйлөөгө активдештирет.

Интерактивдүү ыкмаларды, санариптик ресурстарды (Kahoot, Wordwall, Liveworksheets ж.б.) жана көркөм-visual материалдарды колдонуу окуучулардын кызыгуусун арттырат жана сабактын мотивациялык потенциалын жогорулатат. Ошол эле учурда калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоо формаларын туура айкалыштыруу окуучулардын жетишкендиктерин реалдуу баалоого шарт түзөт.

Жыйынтында, текстке негизделген кеп өстүрүүчү технологиялар кыргыз тилин окутуунун инновациялык багыттарынын бири катары методикалык практиканы байытып, окуучулардын коммуникативдик компетенциясын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошот. Бул технологияларды системалуу, максаттуу жана чыгармачыл колдонуу мугалимдин сабагын натыйжалуу, мазмундуу жана кызыктуу кылууга мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Одокозова С.А. Тилди бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүүдө көркөм тексттерди колдонуунун мааниси жана ыкмалары. № 3-4 2022 Эл агартуу

2. Чокошева Б.С. Башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуунун технологиясын моделдештирүү. Доктор дисс., Бишкек, 2017

3. Сегизбаева Н.К., Осмонакунова А.Э., Урманбетова К.Т., Роль цифровых технологий в преподавании русского языка для неязыковых факультетов вуза № 3, 2025 Эл агартуу DOI:10.34855/elagartuu. Илимий-педагогикалык жана методикалык журнал

4. Мамбетова Р.Р. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда текст менен иштөөнүн жаңы технологиялары. Известия КГТУ им. И.Раззакова 56/2020